# ФОЭС (IFRS) 10го жана ФОЭС (IAS) 28ге түзөтүүлөрдүн күчүнө кирүү күнү

## «Бириктирилген финансылык отчеттуулук» ФОЭС (IFRS) 10го түзөтүүлөр

С Тиркемесинде C1C-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилди. Алып салынган текст чийилип салынат, ал эми жаңы тексттин асты сызылып коюлат.

### Күчүнө кирүү күнү

...

C1C 2014-жылдын сентябрында чыгарылган *«Инвестор менен анын ассоциацияланган же биргелешкен ишканасынын ортосундагы активдерди сатуу же төгүү»* (ФОЭС (IFRS) 10го жана ФОЭС (IAS) 28ге түзөтүүлөр) 25-26-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизди жана B99A-пунктун кошту. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС боюнча кеңеш аныктоого тийиш болгон күндөн же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерде болгон операцияларга перспективдүү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгер ишкана бул түзөтүүлөрдү эрте колдоно турган болсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.


© ФОЭС Фонду

## *«Ассоциацияланган ишканаларга жана биргелешкен ишканаларга салынган инвестициялар» ФОЭС (IAS) 28ге түзөтүүлөр*

| |
|---|
| 45С-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилди. Алып салынган текст чийилип салынат, а жаңы тексттин асты сызылып коюлат. |

## Күчүнө кирүү күнү жана өткөөл мезгил

...

45C 2014-жылдын сентябрында чыгарылган «Инвестор менен анын ассоциацияланган ишканасынын же биргелешкен ишканасынын ортосунда активдерди сатуу же төгүү» (ФОЭС (IFRS) 10го жана ФОЭС (IAS) 28ге түзөтүүлөр) тарабынан 28 жана 30-пункттарга түзөтүүлөр киргизилди жана 31А – 31В-пункттары кошулду. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС боюнча кеңеш аныктоого тийиш болгон күндөн же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерде болгон активдердин сатылышына же активдердин төгүмдөрүнө карата перспективдүү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгер ишкана бул түзөтүүлөрдү эрте колдоно турган болсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.